# «ФИНКА БАНК» ЖАБЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУ

2021-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн
финансылык отчет жана көз карандысыз
аудитордун аудитордук корутундусу

Deloitte.

ТОО «Делойт»
Аль-Фараби пр-ти, 36
Алмата, 050059
Казахстан Республикасы

Тел: +7 (727) 258 13 40
Факс: +7 (727) 258 13 41
deloitte.kz

## КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРДУН КОРУТУНДУСУ

«ФИНКА Банк» Жабык акционердик коомунун Акционерлерине:

### Ой-пикир

Биз, «ФИНКА Банк» Жабык акционердик коомунун («Банк») 2021-жылдын 31-декабрына карата финансылык абал жөнүндө отчеттон, пайда жана чыгым жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчеттон, 2021-жыл ичинде акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчеттон жана капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу отчеттон, ошондой эле эсепке алуу саясатынын негизги жоболору боюнча кыскача баяндаманы кошо алганда, финансылык отчетко карата эскертүүлөрдөн турган финансылык отчетуна аудит жүргүздүк.

Биздин пикирибиз боюнча, тиркелген финансылык отчетто бардык олуттуу аспектилер боюнча Банктын 2021-жылдын 31-декабрына карата финансылык абалы, ошондой эле көрсөтүлгөн жыл ичиндеги анын финансылык натыйжалары жана акча каражаттарынын жылышы Финансылык отчеттун эл аралык стандарттарына («ФОЭС») ылайык так чагылдырылган.

### Ой-пикирди билдирүү үчүн негиздер

Биз аудитти Аудиттин эл аралык стандарттарына («АЭС») ылайык жүргүздүк. Ошол стандарттарга ылайык биздин жоопкерчилик мындан ары корутундунун *«Финансылык отчетко аудит жүргүзүү үчүн аудитордун жоопкерчилиги»* бөлүгүндө чагылдырылган. Биз Кыргыз Республикасында финансылык отчетко аудит жүргүзүүдө колдонулуучу *Бухгалтерлер үчүн эл аралык этика стандарттары боюнча кеңештин Кесипкөй бухгалтерлердин этика кодексине («Кодекс»)* жана этика талаптарына ылайык Банкка көз каранды эмеспиз жана биз бул талаптарга жана Кодекске ылайык башка этикалык милдеттерди аткардык. Ошондой эле алынган аудитордук далилдер биздин ой-пикирди билдирүү үчүн жетиштүү жана талаптагыдай деп болжолдойбуз.

### Маанилүү жагдайлар – ыңгайлуулук үчүн кайра эсептөө

АКШ долларындагы суммалар финансылык отчетто финансылык отчетту колдонуучулардын ыңгайлуулугу үчүн гана берилген. Тиркелген финансылык отчетто АКШ долларына конвертацияланган суммалардын эсептөөлөрү финансылык отчеттун 2-Эскертүүсүндө баяндалган ыкмага ылайык кайра эсептелип чыккан жана Банктын активдерин сатууда жана милдеттенмелерин жабууда акырында алына турган же төлөнө турган АКШ долларындагы суммаларды чагылдырбайт. Бул биздин пикирибиздин модификацияланышына алып келген жок.

«Делойт» аталышы «Делойт Туш Томацу Лимитед» (мындан ары – «ДТТЛ») компаниясына биргеликте кирген бир же бир нече сандагы юридикалык жактарга, анын ичинде аффилирленген жактарга таандык. Бул юридикалык жактардын ар бири өз алдынча жана көз карандысыз болуп саналат. «ДТТЛ» компаниясы (««Делойт» эл аралык тармагы» деп да аталат) кардарларга түздөн-түз кызмат көрсөтпөйт. Толук маалыматты www.deloitte.com/about сайтынан алууга болот.

© 2021 ТОО «Делойт». Бардык укуктар корголгон.

## Жетекчиликтин жана корпоративдик башкарууга, финансылык отчеттун түзүлүшүнө жооптуу адамдардын жоопкерчилиги

Жетекчилик көрсөтүлгөн финансылык отчеттун ФОЭСке ылайык даярдалышы жана туура берилиши, ошондой эле жетекчилик алгылыксыз иш алып баруунун же каталарга жол берүүнүн кесепетинен олуттуу бурмалоолорду камтыбаган финансылык отчетту даярдоо үчүн зарыл деп эсептеген ички контролдоо системасы үчүн жоопкерчиликтүү болот.

Финансылык отчетту даярдоодо жетекчилик Банктын өз ишин үзгүлтүксүз улантуусуна, иш үзгүлтүксүздүгүнө тиешелүү маалыматтарды чечмелеп берүүгө жана жетекчилик Банкты жоюуга, анын ишин токтотууга ниеттенген учурларды же анын жоюудан же ишин токтотуудан башка чыныгы альтернативасы жок болгон учурларды эске албаганда, иш үзгүлтүксүздүгүнүн негизинде финансылык отчетту түзүүгө баа берүү үчүн жоопкерчиликтүү.

Корпоративдик башкаруу үчүн жооптуу адамдар Банктын финансылык отчетунун даярдалышын көзөмөлдөө үчүн да жооптуу болуп саналат.

## Финансылык отчетко аудит жүргүзүү үчүн аудитордун жоопкерчилиги

Биздин максат, финансылык отчетто алгылыксыз иш-аракеттерден же каталардан улам олуттуу бурмалоолор камтылбагандыгына жеткиликтүү ишенимде болуу жана биздин ой-пикирди камтыган аудитордук корутундуну даярдоо болуп саналат. Жеткиликтүү ишеним дегенден улам, толук ишенимде болууну түшүнүү зарыл, бирок ал, аудит боюнча эл аралык стандарттарга ылайык жүргүзүлгөн аудит олуттуу бурмалоо бар болгон учурда дайыма эле аны аныктай тургандыгына кепилдик болбойт. Бурмалоолор алгылыксыз иш алып баруунун же каталарга жол берүүнүн натыйжасы болушу мүмкүн жана алар өз-өзүнчө же чогуу караганда пайдалануучулардын финансылык отчеттун негизинде кабыл алган экономикалык чечимдерине таасирин тийгизиши ыктымалдыгын негиздөө мүмкүн болгон шартта олуттуу катары эсептелинет.

Аудит боюнча эл аралык стандарттарга ылайык жүргүзүлгөн аудиттин алкагында, биз бүтүндөй аудит жүргүзүү мезгили ичинде кесипкөй көз карашка таянабыз жана кесиптик скептицизмди сактайбыз. Мындан тышкары, биз:

- алгылыксыз иш-аракеттердин же каталарга жол берүүнүн кесепетинен финансылык отчетто олуттуу бурмалоолорду аныктап, тобокелдиктерге баа беребиз; ошол тобокелдиктерге карата аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгып, аларды жүзөгө ашырабыз; ой-пикирибизди билдирүү үчүн негиз болгон жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди алабыз. Алгылыксыз иш-аракеттердин кесепетинен улам олуттуу бурмалоолордун аныкталбай калуу тобокелдиги, катага жол берүүнүн кесепетинен олуттуу бурмалоолорду аныктай албоо тобокелдигине караганда алда-канча жогору болуп саналат, анткени алгылыксыз иш алып барууда келишип алуу, атайлап жасоо, атайлап калтырып кетүү, маалыматтарды бурмаланган түрдө сунуштоо же ички контролдоо системасынан айланып өткөн аракеттерди көрүү сыяктуу жагдайлар камтылышы мүмкүн;
- аудит үчүн маанилүү ички контролдоо түшүнүгүн Банктын ички контролдоо системасынын натыйжалуулугун билдирүү максатында эмес, жагдайларга жооп берген аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу максатында алабыз;

- колдонулуп жаткан эсепке алуу саясатынын мүнөзүнө, жетекчилик тарабынан даярдалган маалыматтардын тиешелүү чечмеленишинин негиздүүлүгүнө баа беребиз;
- жетекчилик тарабынан иш үзгүлтүксүздүгү боюнча жол берүүнүн укук ченемдүүлүгүнө тиешелүү тыянак чыгарабыз, ал эми алынган аудитордук далилдердин негизинде Банктын өз ишин үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүнө карата олуттуу шектенүүнү жараткан жагдайларга же шарттарга байланыштуу белгисиздик жагдайы орун алышы же анын жоктугу тууралуу тыянак чыгарабыз. Эгерде олуттуу белгисиздик жагдайы бар деген тыянакка келе турган болсок, биз аудитордук корутундуда финансылык отчетто маалыматтардын талапка ылайык чечмеленишине көңүл бурдурууга же маалыматты чечмелөөлөр талаптагыдай болбосо, өз пикирибизди модификациялоого тийишпиз. Биздин корутундулар аудитордук корутунду чыгарылган күнгө чейин алынган аудитордук далилдерге негизделет. Бирок, келечекте орун алышы мүмкүн болгон жагдайлар же шарттар Банктын өз ишин үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүн жоготушуна алып келиши мүмкүн;
- бүтүндөй финансылык отчеттун, анын түзүмүнүн жана маалыматтардын чечмеленишин кошо алганда, анын мазмунунун чагылдырылышына, ошондой эле финансылык отчетто камтылган операциялардын жана иш жагдайынын так берилишин камсыз кыла алгандай сунушталгандыгына баа беребиз.

Биз корпоративдик башкаруу үчүн жоопкерчиликтүү адамдарга аудиттин пландаштырылган көлөмү жана мөөнөттөрү, ошондой эле аудиттин жыйынтыгы боюнча олуттуу эскертүүлөр, анын ичинде биз аудиттин жүрүшүндө аныктаган ички контролдоо системасынын олуттуу кемчиликтери тууралуу маалымдоо менен бирге алар менен маалымат алмашууну ишке ашырабыз.

Канышай Садырбекова
Тапшырманын жетекчиси
«Делойт и Туш» ЖЧКнын
Башкаруучу директору
Кыргыз Республикасынын
квалификациялуу аудитору
Квалификациялык күбөлүк
2012-жылдын 01-июнунда берилген
№0151, сериясы А

# «ФИНКА Банк» Жабык акционердик коому

## 2021-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн пайда жана чыгым жана башка жыйынды кирешелер жөнүндө отчет

| | 2021-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл (миң сом) | 2020-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл (миң сом) |
|---|---|---|
| Натыйжалуу пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен эсептелген пайыздык кирешелер | 2,130,597 | 2,022,890 |
| Пайыздык чыгашалар | (515,791) | (569,053) |
| ПАЙЫЗ ЧЕГЕРИЛГЕН АКТИВДЕР БОЮНЧА КҮТҮЛҮҮЧҮ КРЕДИТТИК ЧЫГЫМДАР БОЮНЧА КАМ ТҮЗҮЛГӨНГӨ ЧЕЙИНКИ ТАЗА ПАЙЫЗДЫК КИРЕШЕ | 1,614,806 | 1,453,837 |
| Пайыз чегерилген активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча кам чегерүү | (39,275) | (208,199) |
| Амортизацияланган нарк боюнча финансылык активдер боюнча модификациялоодон чыгымдар | (6,798) | - |
| **ТАЗА ПАЙЫЗДЫК КИРЕШЕ** | **1,568,733** | **1,245,638** |
| Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер боюнча чыгым | (3,491) | (34,686) |
| Чет өлкө валютасында жүргүзүлгөн операциялар боюнча таза пайда | 46,102 | 114,008 |
| Таза комиссиялык кирешелер | 75,940 | 53,238 |
| Таза комиссиялык чыгашалар | (8,219) | (4,232) |
| Башка кирешелер | 459 | 3,573 |
| **ТАЗА ПАЙЫЗДЫК ЭМЕС КИРЕШЕ** | **110,791** | **131,901** |
| Эмгек акы боюнча чыгашалар | (636,871) | (590,902) |
| Операциялык чыгашалар | (316,362) | (254,020) |
| Эскилиги жеткендер жана амортизация боюнча чыгашалар | (133,017) | (129,211) |
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК ИШТЕН ТАЗА ПАЙДА** | **593,274** | **403,406** |
| **САЛЫК САЛУУГА ЧЕЙИНКИ ПАЙДА** | **593,274** | **403,406** |
| Пайда салыгы боюнча чыгашалар | (64,206) | (44,501) |
| **ТАЗА ПАЙДА** | **529,068** | **358,905** |
| **ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНДЫ КИРЕШЕ** | **529,068** | **358,905** |

Жетекчиликтин атынан:

Махмуджон Саидахматов
Башкарманын Төрагасы

Назгуль Азимжанова
Башкы бухгалтер

## «ФИНКА Банк» Жабык акционердик коому

### 2021-жылдын 31-декабрына карата финансылык абал жөнүндө отчет

| | 2021-жылдын 31-декабры (миң сом) | 2020-жылдын 31-декабры (миң сом) |
|---|---|---|
| **АКТИВДЕР:** | | |
| Акча каражаттар жана алардын эквиваленттери | 1,120,497 | 732,988 |
| Милдеттүү камдар | 280,080 | 244,018 |
| Ордун жабууга чейин кармалып туруучу баалуу кагаздар | - | 13,845 |
| Кардарларга берилген ссудалар | 8,524,655 | 6,752,610 |
| Негизги каражаттар | 124,717 | 211,886 |
| Материалдык эмес активдер | 30,203 | 28,903 |
| Пайдалануу укугу формасындагы активдер | 141,088 | 140,383 |
| Кийинкиге калтырылган салык активдери | - | 4,468 |
| Башка активдер | 274,044 | 98,729 |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА, АКТИВДЕР** | **10,495,284** | **8,227,830** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ** | | |
| МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР: | | |
| Банктардын каражаттары | 17,879 | 21,073 |
| Кардарлардын каражаттары | 5,852,482 | 4,664,701 |
| Башка карыздык каражаттар | 1,348,171 | 500,685 |
| Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык милденттенмелер | 1,902 | 9,064 |
| Ижара боюнча милдеттенмелер | 150,586 | 151,861 |
| Учурдагы салык милдеттенмелери | 24,768 | 22,701 |
| Кийинкиге калтырылган салык милдеттенмелери | 4,972 | - |
| Башка милдеттенмелер | 202,708 | 109,043 |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер** | **7,603,468** | **5,479,128** |
| КАПИТАЛ: | | |
| Уставдык капитал | 1,474,761 | 1,474,761 |
| Курстук айырмалар боюнча топтолгон кам | - | - |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | 1,417,055 | 1,273,941 |
| **Жыйынтыгында, капитал** | **2,891,816** | **2,748,702** |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА, МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ** | **10,495,284** | **8,227,830** |

**Жетекчиликтин атынан:**

**Махмуджон Саидахматов**
**Башкарманын Төрагасы**

**Назгуль Азимжанова**
**Башкы бухгалтер**

## «ФИНКА Банк» Жабык акционердик коому

### 2021-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчет

| | Уставдык капитал (миң сом) | Бөлүштүрүлбөгөн пайда (миң сом) | Жыйынтыгында Капитал (миң сом) |
|---|---|---|---|
| **2020-жылдын 1-январы** | 1,474,761 | 1,263,032 | 2,737,793 |
| Төлөнгөн дивиденддер | - | (347,996) | (347,996) |
| Таза пайда | - | 358,905 | 358,905 |
| **Жыйынтыгында жыйынды киреше** | - | 358,905 | 358,905 |
| **2020-жылдын 31-декабры** | **1,474,761** | **1,273,941** | **2,748,702** |
| Төлөнгөн дивиденддер | - | (385,954) | (385,954) |
| Таза пайда | - | 529,068 | 529,068 |
| **Жыйынтыгында жыйынды киреше** | - | 529,068 | 529,068 |
| **2021-жылдын 31-декабры** | **1,474,761** | **1,417,055** | **2,891,816** |

**Жетекчиликтин атынан:**

Махмуджон Саидахматов
Башкарманын Төрагасы

Назгуль Азимжанова
Башкы бухгалтер

## «ФИНКА Банк» Жабык акционердик коому

### 2021-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет

| | 2021-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл (миң сом) | 2020-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл (миң сом) |
|---|---|---|
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ:** | | |
| Салык салууга чейинки пайда | 593,274 | 403,406 |
| Корректировкалоолор: | | |
| Пайыз чегерилген активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча кам түзүү | 39,275 | 208,198 |
| Чет өлкө валютасында жүргүзүлгөн операциялар боюнча реализацияланбаган киреше | (5,354) | (71,961) |
| Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер боюнча реализацияланбаган чыгым | 9,010 | 43,620 |
| Эскилиги жеткендер жана амортизация | 133,017 | 129,211 |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди алып салуудан киреше | (434) | (3,961) |
| Кызматкерлерге сый акыларды чегерүү жана колдонулбаган өргүүлөр боюнча кам | 3,239 | 1,668 |
| Акчага байланышпаган башка статьялардын өзгөрүүсү | 15,903 | (4,640) |
| **Операциялык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүүсүнө чейинки операциялык иштен акча каражаттарынын агылып кириши** | **787,930** | **705,541** |
| Операциялык активдердеги жана милдеттенмелердеги өзгөрүүлөр | | |
| Операциялык активдердин (көбөйүшү)/азаюусу: | | |
| Милдеттүү камдар | (36,062) | (47,877) |
| Кардарларга берилген ссудалар | (1,812,519) | 999,238 |
| Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер/(милдеттенмелер) | (19,150) | (8,096) |
| Башка активдер | (49,875) | (51,579) |
| Операциялык активдердин көбөйүшү/(азаюусу): | | |
| Банктардын каражаттары | (3,198) | (7,073) |
| Кардарлардын каражаттары | 1,170,201 | 207,212 |
| Башка милдеттенмелер | 76,564 | (8,635) |
| Ижара милдеттенмелери боюнча чегерилген пайыздардын өзгөрүүсү | (144) | (71) |
| **Салык салууга чейинки операциялык иштен түшкөн таза акча каражаттары** | **113,747** | **1,788,660** |
| Төлөнгөн пайда салыгы | (52,699) | (53,948) |
| **Операциялык иштен түшкөн таза акча каражаттары** | **61,048** | **1,734,712** |

## «ФИНКА Банк» Жабык акционердик коому

### 2021-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет

| | 2021-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл (миң сом) | 2020-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл (миң сом) |
|---|---|---|
| **ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ:** | | |
| Баалуу кагаздарды сатып алуу | 14,155 | (14,000) |
| Негизги каражаттарды сатып алуу | (55,885) | (25,471) |
| Материалдык эмес активдерди сатып алуу | (16,454) | (10,826) |
| Негизги каражаттарды сатуудан түшүүлөр | 669 | 4,642 |
| **Инвестициялык иштен акча каражаттарынын таза агылып чыгышы** | **(57,515)** | **(45,655)** |
| **ФИНАНСЫЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ:** | | |
| Төлөнгөн дивиденддер | (385,954) | (347,996) |
| Башка карыз каражаттардан түшүүлөр | 1,078,415 | 69,549 |
| Башка карыз каражаттарды төлөө | (246,138) | (1,219,971) |
| Ижара боюнча милдеттенмелерди төлөө | (73,399) | (65,474) |
| **Финансылык иштен акча каражаттарынын таза агылып чыгышы** | **372,924** | **(1,563,892)** |
| Чет өлкө валюталарынын курстарынын өзгөрүшүнүн акча каражаттарга жана алардын эквиваленттерине тийгизген таасири | 11,050 | 26,432 |
| АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИНИН ТАЗА АЗАЮУСУ | 387,507 | 151,597 |
| **АКЧА КАРАЖАТТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИ, жыл башына карата** | **732,988** | **581,391** |
| **АКЧА КАРАЖАТТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИ, жыл акырына карата** | **1,120,503** | **732,991** |
| Нарксызданууга кам | (6) | (3) |
| **АКЧА КАРАЖАТТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИ, жыл акырына карата** | **1,120,497** | **732,988** |

2021-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн регулятивдик отчеттун алкагында пайда 427 530 миң сомду түздү.

2021-жылдын 31-декабрына карата Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик-укуктук актыларында белгиленген талаптарга ылайык, активдер, кредиттер боюнча чегерилген пайыздар жана финансылык ижара боюнча түзүлгөн РППУнун өлчөмү 581 586 миң сомду түздү.

**Жетекчиликтин атынан:**

**Махмуджон Саидахматов**
**Башкарманын Төрагасы**

**Назгуль Азимжанова**
**Башкы бухгалтер**